Бишкек шаары, Өкмөт Үйү
2005-жылдын 15-сентябрындагы № 433

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

### БУУнун Биологиялык түрдүүлүк жөнүндө конвенциясына Биологиялык коопсуздук боюнча Картахен протоколун ишке ашыруу тууралуу

БУУнун Биологиялык түрдүүлүк жөнүндө конвенциясына Биологиялык коопсуздук боюнча Картахен протоколуна карата эл аралык милдеттенмелерди Кыргыз Республикасынын аткарышы максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлиги Кыргыз Республикасынын БУУнун Биологиялык түрдүүлүк жөнүндө конвенциясына Биологиялык коопсуздук боюнча Картахен протоколунун талаптарын аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын аткаруучу агентствосу болуп аныкталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик токой кызматы кызыкдар министрликтер жана ведомстволор менен бирдикте БУУнун Биологиялык түрдүүлүк жөнүндө конвенциясына Биологиялык коопсуздук боюнча Картахен Протоколуна ылайык Кыргыз Республикасынын биологиялык коопсуздук боюнча нормативдик укуктук базасын иштеп чыгышсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын агроөнөржай комплексин өнүктүрүү жана жаратылышты пайдалануу бөлүмүнө жүктөлсүн.

Премьер-министр Ф.Кулов